Бекитемин:
Мектеп директору  мил.ат:
_______К.Дж.Джакупова

# Психологиялык кызматтын жобосу

Психологдун укуктук статусунун

Ж О Б О С У

1. Жалпы жоболору:

Психологдун кызматы Билим Берүү жана Маданият Министирлигинин токтомунун негизинде киргизилет.

Псхолог-жогорку билимдүү, педагогдордун жана өспүрүмдөрдүн психологиясы боюнча иштеген, психодагностиканы, психокоррекцияны билген, социалдык-психологиялык окуудан, психологиялык кеңештен, атайын даярдыктан өткөн, квалификациясы дал келген, тажрыйбалуу адистердин ичинен бекитилет.

Психолог өзүнүн иш-практикасында диагностикалык, профилактикалык, калыптандыруучулук, коррекциялык жана башка багыттар боюнча билим берүү мекемелеринде психологиялык уюштуруу иштерин өткөрөт.

Психологдун негизги милдеттери:

- Мугалимдердин жана окуучулардын чыгармачылык деңгээлин аныктоо; мектеп администрациясынын жана педагогикалык жамаатын иш деңгээлин жогорулатуунун жолдорун сунуштоо.
- Педагогикалык процессте кезиккен кыйынчылыктардын психологиялык себептерин аныктоо; кыйынчылыктарды четтетүүнүн жана токтотуунун жолдорун сунуштоо.
- Башкаруу процессинде инсандык мамилелерди калыптандырууга катышуу.
- Окуучуларга жана ата-энелерине, мугалимдерге жана мектеп кызматкерлерине чыныгы психологиялык жардам берүү, окуучулардын профессионалдык келечегин аныктоо.
- Педагогикалык жамаатка окуучулардын аң-сезимин, таанып билүү процессин башкарууга жардам берүү.
- Мугалимдерди окуучулардын чыгармачылык ойлорун калыптандырууга жана педагогикалык мамилелерге окутуу. Мугалимдердин психодиагностикалык устаттыгын көтөрүү.
- Окуучулардын арасында болуп жаткан аракечтик, тамеки чегүү, баңги заттарды колдонуу жана сексуалдык терс көрүнүштөрдү жок кылуу боюнча иш-чаралардын заманбап психологиялык жабдуулар аркылуу токтотуунун жолдорун эскертүү.
- Психо-педагогикалык билимдерге үгүттөө.

    1. Мектеп директору жана педагогикалык кеңеш бекитилген программанын негизинде психлогдун иш-аракеттерине жалпы текшерүү жүргүзөт. Эгерде мектеп администрациясынын көрсөтмөлөрү психологдун талаптарына туура келбесе, мектепти көзөмөлгө алып турган жогорку органдарга билдирүү менен психолог ал көрсөтмөлөрдү аткарбай койгонго укуктуу.

1. Мектеп окуучулары жана педагогикалык жамааттын психодиагностикалык, коррекциялык, профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү үчүн атайын шарттары бар, жабдуулар менен камсыз болгон иш бөлмөлөрүндө психолог иш жүргүзөт. Иш бөлмөнү кызматы туура келген психолог жетектейт.

1. Психолог окуучулардын ар тараптуу өнүгүшүнө жана гармониялуу өсүшүнө жетекчилик кылуу менен бирге педагогикалык жамаат, медицина кызматы, багып алуу жана камкордук органдары, социологдор жана коомдун өкүлдөрү менен тыгыз байланышта болуу аркылуу өздөрүнүн иш-аракеттерин жүргүзүшөт.

1. Эмгек акысы, эс алуу өргүүсү, тарификациялык педагогикалык ставкасы Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана Маданият Министирлигинин нормативдик иш-кагаздарынын негизинде бекитилет.

1. Психологдун иш тартиби, максаты жана милдеттери психологиялык кызматтын программасынын негизинде аныкталып, мектептин жалпы ишине туура келгенде гана профсоюз комитети менен макулдашылып, мектеп директору тарабынан бекитилет.

Психологдун укуктары жана милдеттери

2.1. Психологдун укуктары:

* Окуучулар жана ата-энелери, мугалимдер жана мектептин башка кызматкерлери менен иштөөнүн формаларын, ыкмаларын тандап алуу менен ар түрдүү иш-чаралардын өтүү мезгилин, приоритеттүү багытын белгилейт жана учурун аныктайт.

* Психологиялык кызматтын ишинин ийгиликтүү болушуна шарт түзүп берүү сунуштары менен мектеп жетекчилигине анын коомдук уюмдарына чыга алат.

* Окуу-тарбия процессин уюштуруу боюнча документтери менен окуучулардын, мугалимдердин, мектептин башка кызматкерлеринин өздүк делолору менен тааныша алат.

* Региондордун социалдык, улуттук, маданий өзгөчөлүктөрүн эске алып, мектеп жамааты жана жеке инсандар менен жаратуу, пайдалануу, тастыктоо максатында психологиялык изилдөөлөрдү жүргүзө алат.

* Мектептеги психологиялык абалды терең түшүнүү максатында жогорку окуу жайларынын психология кафедралары жана психологиялык уюмдар менен тыгыз ишкердик байланышта болот.

* Педагогикалык жамааттын иш орундарынын туура бөлүнүштүрүүсүнө; административдик кызматка мугалимдердин талапкерлик коюусуна; класс жетекчилердин бекитүүсүнө; окуучулардын өзүн-өзү башкаруу кеңешинин методикалык түзүлүшүнө; коомдук активдердин илимине; мугалимдер менен окуучулардын ортосундагы чыр-чатактарды чечүүдөгү мектеп администрациясынын иш-аракеттерине; мектептеги психологиялык терс абалды жолго салууга; окуу жана окуудан тышкары учурда мугалимдер менен окуучулардын оптималдуу иштерине; окуу тайпаларынын иш-ыкмаларын топтоого; жалпы окуу-тарбия процессинин гуманитардык жана демократиялык бөлүнүшүн сунуштайт.

2.2. Психологдун милдеттери:

* Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана маданият министирлигинин өкмөттүк нормативдик документтерине таянып өз ишин жүргүзөт.

* Профессионалдык компетенциянын жана кызматтык милдеттердин чегинде гана суроолорду карайт жана чечимдерди так кабыл алат.

* өспүрүмдөрдүн жана социалдык, практикалык психологияларын билүү менен психология илиминин жаңы жетишкендиктерин өздөштүрүү. Өзүнүн билимин өнүктүрүүдө социалдык-психологиялык, психокоррекциялык, психопрофилактикалык иштерде заманбап илимий негизделген ыкмаларды өзүнүн профессионалдык квалификациясын ар дайым жогорулатып турат.

* Мектеп ичинде психологиялык суроолорду чечүүгө, диагностикалык, психокоррекциялык жана башка иштерди профессионалдык даярдыгы жок, тиешелүү эмес адамдардын жүргүзүүсүнө тоскоолдук кылат.

* Мектеп администрациясына, педагогикалык жамаатка, окуучулардын толук кандуу психологиялык өнүгүшүнө жардам берет жана жеке иш алып баруу менен алардын жеке кыйынчылыктарын чечет.

* Профессионалдык сырды бекем сактайт; Диагностикалык жана кеңеш берүү иштеринин жыйынтыктарын текшерилген окуучу жана анын чөйрөсүн зыянга учуратпоо үчүн сырды таратпайт.

* Окуу-тарбия иштеринин пландарына, педагогикалык кеңеш жана мектеп жетекчилиги кабыл алган чечимдерге, мектеп тайпаларынын жана жеке инсандардын эффективдүү иш-аракеттерине анализ жүргүзөт. Мектеп жетекчилерине, жеке кызматкерлерге иштин сапатын жогорулатуу боюнча психологиялык туура келген сунуштарды берет.

* Мугалим-окуучуга, окуучу-окуучуга, мугалим-мугалимге, мугалим-жетекчиликке инсан аралык мамилелеринин деңгээлин анализдейт. Билим берүү маселелеринде коррекциялуу багыттарды даярдап, мугалимдер менен окуучуларга сунуштайт.

* Мектеп шарттарына ылайык илимий негизделген программаларды мугалимдер менен бирдикте иштеп чыгат жана окуучуларга сунуштайт.

* Мектептеги өзүн-өзү башкаруу функцияларын илимий негизде ишке ашырууга көзөмөл жүргүзөт, алардын коррекциялары боюнча сунуштарды берет.

* Психо-педагогикалык билимдерди мугалимдердин, тарбиячылардын жана мектеп окуучуларынын арасында жайылтат.

* Жеке адамдар менен иш алып барган диагностикалык документтерди педагогикалык жамааттын, консилиумдун, комиссиясынын чечимдери үчүн сактайт. Башка документтерди дискеттерде, ПКда, магнитафондук жазып алууларда жүргүзөт жана сактайт.

2. Мектеп психологунун жоопкерчилиги:

- Психолог- психологиялык диагноздордун туура коюлушуна, коррекциялык жана диагностикалык ыкмалардын колдонушуна, негиздүү сунуштарды берүүгө жоопкерчиликтүү.
- Официалдуу текшерүүлөрдүн токтомдорун жана бекитилген жобого ылайык документтердин сакталыш жоопкерчилигин өзүнө алат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1 чейрек** | педколлектив | «Коллективдин психологиялык климатын аныктоо» боюнча ар бир кафедрада тестирлөө жүргүзүлгөн, Е.И. Роговдун «Коллективдин психологиялык климатын аныктоо» тести колдонулган | Жалпы мектептин психологиялык климатын аныктоодо<br>• Психологиялык жагымдуу климаттын жогорку деңгээли 32%<br>• Психологиялык жагымдуу климаттын ортоңку деңгээли 45%<br>• Психологиялык жагымдуу климаттын төмөнкү деңгээли 16%<br>• Психологиялык жагымсыз климаттын төмөнкү деңгээли 5%<br>• Психологиялык жагымсыз климаттын ортоңку деңгээли 0<br>• Психологиялык жагымсыз климаттын жогорку деңгээли 0<br>***Сунуш:*** ар бир кафедрада коллективди ынтымакка чакыруу үчүн психологиялык семинар –тренингдерди жыл ичинде өтүү. Психолог тараптан ар бир кафедрада ***«Дүйнөнү өзгөртөм десең өзүңдөн башта»*** деген темада тренингдер өтүлгөн. Кафедраларга сунуш берилген кафедрадагы мугалимдерди ынтымакка чакыруу боюнча тренингдерди өтүү, өтүлгөн тренинг информатика кафедрасында гана Асаналиева Чолпон жогорку деңгээлде өткөн. |
| 5-класстар | Окуучунун мектепке адаптациясын аныктоо, тынчсыздануу деңгээлин аныктоо | Жалпы 5-класстардын адаптация убагындагы тынчсыздануу абалы<br>• Тынчсыздануунун төмөнкү деңгээли 43%<br>• Ортоңку деңгээли 46%<br>• Жогорку деңгээли 11%<br>• Класстардын ичинен тынчсыздануусу жогору болгон класс 5гн-классы болгон, куратору: Ибраимова Дилбара. Класста иш алып баруу боюнча психологиялык сунуштар берилип, психологиялык тренингдер жүргүзүлгөн.<br>***Сунуш:*** тынчсыздануусу жогору болгон окуучуларга өзгөчө көңүл буруп, түшүнүү менен мамиле кылуу сунушталган жана ар бир окуучунун психологиялык абалы боюнча кураторго түшүндүрмөлөр берилген. | |
| 1-класстар | Окуучунун мектепке адаптациясын аныктоо | Жалпы 1-класстарда адаптацияны аныктоо боюнча кураторлор үчүн тестер алынган.<br>• Адаптациянын жогорку деңгээли 68%<br>• Ортоңку деңгээли 26%<br>• Төмөнкү деңгээли 6%<br>• Адаптация төмөн болгон окуучулар көп болгон класстар 1-б классы куратору Бекбоева Гүлайна, 1-г классы куратору Султанбаева Назгүл, 1-в классы Бекбоева Гүлмира бул класстардагы окуучулар менен жеке иш алып баруулар жүргүзүлгөн, кураторлорго тиешелүү психологиялык сунуштар берилген. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 10-класстар | Окуучунун мектепке адаптация убагында окуучунун психо-эмоциялык абалын аныктоо<br>Айзинк тести | Окуучунун психологиялык абалын аныктоо үчүн тесте мотивацияны, тынчсызданууну, фрустрация, агрессия, импульсивдүүлүктү аныктоо камтылган.<br>Жалпы 10-класстар ичинде тесттер жүргүзүлүп, төмөнкү жыйынтыктарды көрсөткөн<br>**Мотивация** - төмөнкү – 27%; орто-33%; жогору-40%<br>**Тынчсыздануу** - төмөнкү – 20%; орто-56%; жогору-24%<br>**Фрустрация** - төмөнкү – 47%; орто-47%; жогору-6%<br>**Агрессия** - төмөнкү – 40%; орто-46%; жогору-14%<br>**Импульсивдүүлүк** - төмөнкү – 25%; орто-60%; жогору-15%<br>***Сунуш:*** ар бир класстын куратору менен окуучулардын психологиялык абалы тааныштырылып, психологиялык сунуштар берилген. |
| **2-чейрек** | 3-класстар | Окуучунун интеллект деңгээлин аныктоо<br>Равен стандарттуу матрицасы | Жалпы окуучулардын интеллект деңгээлинин көрсөткүчү<br>Жогорку- 48%<br>Ортоңку- 45%<br>Төмөнкү -7% түзгөн.<br>***Сунуш:*** окуучулардын интеллект деңгээлин өстүрүү үчүн ар кандай логикалык тапшырмаларды, ой жүгүртүүчү тапшырмалар менен сабакты окуучуларга кызыктырып өтүү. |
| | 8-класстар | Окуучулардын психо-эмоционалдык абалын аныктоо<br>Айзинк тести | Жалпы 8-класстардын жыйынтыгы<br>Тынчсыздануу- 11%<br>Фрустрация- 8%<br>Агрессивдүүлүк- 6%<br>Берилген багыттар боюнча жогорку деңгээлди көрсөткөн окуучулар менен жеке иш алып барылган. Кураторлоруна тиешелүү мамиле кылуу боюнча психологиялык сунуштар берилген. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3 чейрек** | 6-класстар | Окуучунун тынчсыздануу абалын аныктоо<br><br>Филлипс тести | 6-класстар ичинде өтүлгөн тест окуучунун тынчсыздануу абалынын эмнеден тынчсызданып, коркуу сезими пайда болгондугу аныкталган. Жалпы окуучулардын көрсөткүчү<br><br>• Ийгиликке жетүү үчүн фрустрация- 11%<br>• Социалдык стресстен коркуу-33%<br>• Мугалимдерден коркуу- 8%<br>• Мектептеги жалпы тынчсыздануу- 11%<br>• Өзүн көрсөтүүдөн коркуу- 8%<br>• Билимин текшертүүдөн коркуу- 14%<br>• Чөйрөдөгү адамдардын күтүүсүн актабай калуудан коркуу – 27%<br>• Стресске туруштук берүүнүн төмөндүгү- 29%<br><br>Ар бир окуучу жөнүндө кураторго маалымат, психологиялык сунуштар берилген. Тынчсыздануусу жогору болгон окуучулар менен жеке психологиялык кеңеш, коррекциялык иштер жүргүзүлгөн. |
| Мугалим<br><br>дер | | Мугалимдердин интеллект деңгээлин, сүйлөшүү стилин аныктоо боюнча тест жүргүзүлгөн<br><br>Айзинк тести, сүйлөшүү стилин аныктоо тести | Интеллект деңгээлин аныктоодо көрсөтүлгөн жыйынтыктар. Жалпы 97 мугалим интеллект тестин жазган, анын ичинен<br><br>**Төмөнкү-29%%, ортоңку-61%, жогорку- 10%**<br><br>Сүйлөшүү стилин аныктоо боюнча жалпы 105 мугалим тест жазган анын ичинен<br><br>**«Союз»**- 48%, **«Монблан»**- 39%, **«Робот»**-8%, **«Китайская стена»**-4%, **«Локатор»**-1% |
| 5гк1 –классы<br><br>Куратору: Музаева Гүлай | | Класстагы психологиялык климатты аныктоо | Класстагы окуучулар старостага жана кураторго болгон ой пикирлерин аныктоо үчүн алынган анкетада, жалпы класстын старостагы дагы кураторго дагы эч кандай пикир келишпестик, наразычылыктар кездешкен эмес. Алынган анкетанын жыйынтыгы менен класста куратор дагы, староста дагы өз ишин улантуу сунушталган. |
| 4е-классы<br><br>Куратору:<br><br>Иманалиева Турсунай | | Куратордун класстагы окуучуларга мамилесин аныктоо | Анкетанын жыйынтыгында куратор класстагы окуучуларга түшүнүү менен мамиле жасап, окуучулардын бардыгы мугалимин жакшы көрөөрү аныкталды. |
| **4 чейрек** | 1-класс | Окууга даярдыгын аныктоо<br><br>Керн Йиерасик тести | Окууга психологиялык жактан даярдыгы жогору болгон окуучуларды кабыл алуу сунушталды |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 5-11-класстардын окуучулары | «Мугалим окуучунун көзү менен» анкета | Мектептин жалпы мугалимдери жөнүндө окуучулардын көз карашы менен мугалимдердин сабак өтүүсү, сабакта өзүн алып жүрүүсү, сабакты жеткиликтүү өтүүсү жөнүндө анкета алынып, сабак учурунда башка нерселер менен алектенип сабак өтпөгөн, окуучуларды жаман сөздөр менен тилдеген, сабакты тажатма өткөн мугалимдерди кийинки окуу жылында тиешелүү чара көрүп, мугалимдик кесипке өзүн татыктуу алып жүрө албаган мугалимдерди мектептен четтетүүгө карата сунуштар берилген. |

**Семинар-тренингдер, докладдар**

| **Чейрек** | **Класс, кафедра** | **Темасы** | **Жыйынтыгы** |
|---|---|---|---|
| **1-чейрек** | Жалпы гимназиянын педколлективине | «Дүйнөнү өзгөртөм десең өзүңдөн башта» темасындагы семинар - тренинг | УКГнын ар бир кафедрасында метод күндөрүндө семинар-тренинг өтүлдү. Бул семинар-тренинг мугалимдерди ынтымакка чакырууга, бири-бирин колдоого чакырууга, жагымдуу маанай түзүүгө, ишке болгон мотивацияны жогорулатууга багытталган. |
| **2 чейрек** | Жалпы гимназия ичинде | «Психология жумасы» | Окуучулардын мектепке болгон мотивациясын, кызыгуусун жогорулатуу. Жагымдуу маанай түзүү, бири-бирин колдоого үндөө үчүн өткөрүлгөн жума коюлган максатына жетип, ийгиликтүү өткөрүлдү. Жумага активдүү катышкан класстар грамоталар менен сыйланышты. |
| | Педколлектив | «Заманбап мугалимдин имиджи» темасындагы доклад | УКГнын мугалимдерин гимназияда өзүн алып жүрүүсү, маданияттуулукка, этикага багыттоо боюнча доклад окулган |
| | Кураторлор | «Суицид» | УКГнын кураторлоруна «Суицид» жөнүндө маалыматты жана психологиялык сунуштарды класстагы окуучулардын ата-энелерине таратуу максатында доклад окулду. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3-чейрек** | Жалпы гимназияда окуган окуучулардын ата-энелери | Башталгыч класс- «Гиперактив-дүүлүк»<br>5-7 -класстар-<br>«Агрессивдүү-лүк»<br>8-11-класстар<br>«Кесипке багыт берүү» | Семинарга катышуучу ар бир ата-энеге тиешелүү темада жана башка психологиялык маалыматтар камтылган папкалар даярдалып берилген. Ата-энелер семинарга абдан активдүү катышып, пайдалуу болгондугун билдиришкен. Папкада «Гиперактивдүүлүк», «Агрессивдүүлүк», «Кесипке багытты аныктоо», « Уюлдук телефондун психикага тийгизген таасири», «Компьютердин зыяндуулугу», «Жалкоолук менен күрөшүү» темасындагы психологиялык кеңештер берилген. |
| | УКГга жаңы келген жана жаш мугалимдер үчүн | «Стресске туруштук берүү» темасында тренинг | Тренинг «Стресс» темасында өтүлгөн. Стресс абалында адам өзүн алып жүрүүсү жана аны кантип жеңүү үчүн психологиялык сунуштар берилген. |
| **4-чейрек** | 4-класстын окуучулары, кураторлору, ата-энелери | Экзаменге даярдануу үчүн психологиялык сунуштар | Экзамен алдында окуучу өзүнө психологиялык жардам көрсөтүүсү, куратор кандай жардам берүүсү, ата-эне баласынын экзаменге даярданууда үйдө кандай жардам берүүсү жөнүндө психологиялык сунуштар берилген. |

Мындан тышкары жеке суроолор менен кайрылган окуучу, ата-эне, мугалимдер менен психологиялык кеңеш берүүлөр өтүлгөн.

**2018-19-окуу жылындагы психологиялык иш чаралардын отчету**

**Психодиагностика**

1, 5, 10-класстарда окуучунун мектепке болгон адаптациясын аныктоо боюнча психологиялык диагностика жүргүзүлүп, жыйынтыктары 1-чейректин аягында директор алдындагы кеңешмеде тааныштырылып, тиешелүү психологиялык сунуштар айтылган.

УКГнын тартип бузуу боюнча көзөмөлгө алынган окуучуларына психо-эмоциялык абалын аныктоо үчүн психологиялык тест жүргүзүлгөн .

Билим сапаты төмөн болгон класстардын мектепке болгон мотивациясын, интеллект деңгээлин, психологиялык абалын аныктоо үчүн психологиялык диагностика жүргүзүлгөн, атап кетсек 10-м2 классы, 7- гк2, 8-га3 класстарында.

- Жалпы 6-7-8-класстардан план боюнча алынуучу тестирлөө жүргүзүлүп, 6гк2-классы куратору Асаналиева Чолпон, 6га1-классы куратору Иманкулова Дамира, 6га2-классы куратору Арунова Ырыскан, 6га4-классы куратору Өзүбекова Нурзат класстарынан окуучунун темперамент тибин аныктоо боюнча тест жүргүзүлүп, аныкталган. 7-класстардын ичинен 7га2-классы куратору Канаева Назгүл, 7га3-классы куратору Асанканов Добулбек, 7гн2-классы куратору Кылычбекова Бегайым, 7гк2-классы, куратору Мамбеталиева Дамира, 7га4-классы, куратору Батыркулова Миргүлдүн класстарына кураторлорго сунушталган окуучунун мектепке мотивациясын аныктоо тести жүргүзүлүп, тапшырылган. 8-класстардан окуучунун мектепке мотивациясын, психологиялык абалын, темперамент тибин аныктоо тесттери жүргүзүлгөн.

- **6-класстардын окуучуларынан алынган темперамент тибин аныктоо тестинин жыйынтыгы:**

| | |
|---|---|
| Холерик | 11% |
| Сангвиник | 54% |
| Флегматик | 16% |
| Меланхолик | 18% |

**Сунуш:** Негизинен сангвиниктер болгондуктан жоопкерчиликти жогорулатуу, баштаган ишин аягына чыгууга багыттоо, биргеликте иш алып барууну үйрөтүү, бири-бирине жардам берүүгө чакыруу, сангвиник сапатты эмес, утууну, жеңип чыгууну көздөгөн, өзүмчүл адамдар болгондуктан, аларга башкалардын баалуулугун, классташтары менен бирге иш алып барууга чакыруу, башкалардын оюн баалаганды, алар менен кеңешип иштөөнү үйрөтүү.

**8-класстардын окууга болгон мотивациясын аныктоо үчүн жүргүзүлгөн тестинин жыйынтыгы**

| | Негативдүү мамиле | Сабактан тышкаркы нерселерге кызыгат | Окуудагы нормалдуу мамиле | Окууга кызыгуу, мотивациянын жогорку деңгээли | Тест жазган окуучунун саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 8га2 | 29% | 38% | 29% | 2% | 34 |
| 8гн1 | 29% | 44% | 22% | 3% | 27 |
| 8гк2 | 14% | 32% | 38% | 14% | 34 |
| 8га3 | 13% | 47% | 25% | 13% | 36 |

**Сунуш:** негизги көрсөткүч болуп экзальтированный жана эмотивный тип көрсөтүлүп тургандыктан биздин педагогдордун айрымдарына эмоционалдуулук абдан жогору экендиги аныкталат.

**Коркунучу:** пикир келишпестик учурларда, түшүнбөстүктөрдө бири-бирин уга билбей, чоң конфликти пайда кылышат. Ошол учурларда эмоцияны алып койсок, ал эми маселени эмоциясыз эле чечсе болот, ал эми эмоциясыз маселени чечүүдө эки тарап бири –бирин түшүнүү менен кабыл алып, жагымсыздыктар пайда болбойт.

**Психоконсультация**

Жеке кайрылуулар өтө көп кайрылган, негизинен конфликт абалдары.

**Сунуш:** сабак учурунда кайрылган ата-энелерди сабактан кийин жолугууга чакыруу, ата-энелер менен тиешелүү субординацияны сактоо, окуучун көзүнчө педагогдор бири-бирине сый мамиле көрсөтүү, окуучунун суроолоруна негативдүү эмоцияны көрсөтпөй жооп берүүгө үйрөнүү, өзүбүздүн педагог экенибизди жогору сактоо.

**Семинар-тренингдер**

1. УКГга жаңы келген жана жаш мугалимдерине «Заманбап мугалимдин имиджи» темасындагы семинар
2. УКГда «психология жумасы» жогорку деңгээлде өткөрүлдү.
3. Ата-энелер үчүн

«Мүмкүн сен кээ бирөөгө жөнөкөй адамсың, кээ бирөөго бүткүл ааламсың»

темасындагы семинар администрация менен биргеликте өтүлдү.

4. УКГнын администрация мүчөлөрү үчүн жаратылышта «Менин бакчам» темасындагы тренинг жогорку деңгээлде өткөрүлдү.

**Акыркы 3 жыл боюнча окуучулардан алынган «Мугалим окуучунун көзү менен» темасындагы жүргүзүлгөн анкетанын салыштырма анализи**

Анкета 5-11-класстын окуучуларынын ичинде жүргүзүлгөн. Анкетада мугалимдин сабакты өтүүсү, сабак учурунда өзүн алып жүрүүсү, сабак учурунда окуучуларга кылган мамилеси камтылган суроолордон түзүлгөн.

| **№** | **Багыты** | **2016-17** | **2017-18** | **2018-19** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сабакты кызыктуу өткөн мугалимдер | 31% | 38% | 45% |
| 2 | Окуучунун ишенимине ээ болгон мугалимдер | 19% | 20% | 30% |
| 3 | Окуучуга жагымдуу болгон мугалимдер | 44% | 50% | 62% |
| 4 | Көп урушкан жана жагымсыз сөздөрдү пайдаланган мугалимдер | 46% | 47% | 23% |
| 5 | Сабак учурунуда башка нерселер менен алаксыган, сабакка көп көңүл бурбаган мугалимдер | 23% | 30% | 11% |
| 6 | Сабагы кызыксыз жана тажатма мугалимдер | 35% | 31% | 7% |

**Анкетанын жыйынтыгы менен администрация тараптан сабак учурунда 4, 5, 6 багыттар боюнча чара көрүүлөр**

| **2016-17- окуу жылы** | **2017-18-окуу жылы** | **2018-19 –окуу жылы** |
|---|---|---|
| Катасын оңдоого администрация тараптан оозеки эскертүүлөр берилди | Окуучуларга туура мамиле кылбаган мугалимдер тууралуу психолог тараптан директорго, мугалимдердин комплектование учурунда кызматына туура мамиле кылбагандыгы үчүн психолог тараптан жумуштан четтетүүгө сунуштар берилген | Кураторлор ишин так эмес жана окуучулар менен тил табышууда кыйынчылык менен иш алып барган кураторлорду мектеп администрациясына психолог тараптан кураторлук милдеттен бошотууга сунуш берилген |

**Акыркы 3 жылда УИТМЛдин ата-энелери үчүн мектеп жөнүндө анкетасынын анализи**

| **№** | **Багыты** | **2016-17- окуу жылы** | **2017-18-окуу жылы** | **2018-19 – окуу жылы** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектептин материалдык техникалык базасынын абалы жакшырды | 35% | 50% | 72% |
| 2 | Билим сапаты жакшырды | 41% | 48% | 58% |
| 3 | Окуучулардын тартиби жакшырды | 36% | 39% | 40% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | Баласына көңүл буруусу жогору (үй-тапшырма жазууда, сабакка катышуусун контролдоодо, сабагына катышууда, мектептин коомдук иштерине катышуу) болгон ата-энелер | 38% | 46% | 62% |

Анкета ушул 4 багытты камтыган суроолордон түзүлгөн жана көрсөтүлгөн пайыздык көрсөткүчтөрдү берген. Психолог тараптан мектептин администрациясына, кураторлорго мектепте окуучулар үчүн жагымдуу маанайды чакырган, ата-энелердин мектепке болгон көз карашын жакшыртуу жана биргеликте иш алып баруулары үчүн психологиялык семинар-тренингдер жүргүзүлүп турат.